# И. РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2028-ЖЫЛДАРДАГЫ ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ



| | |
|---|---|
| | **И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** |
| | **БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ** |
| | **СР01-ИП02** |

И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин
жыйынында каралып,
2023-ж. «29» март №7
протокол менен
**ЖАКТЫРЫЛГАН**

И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору, ф-м. и.к.,
доцент Чыныбаев М.К.________
2023-ж.«31» март
№1467 буйрук менен
**БЕКИТЕМИН**

# И. РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2028-ЖЫЛДАРДАГЫ ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

**БИШКЕК - 2023**

**ӨЗГӨРТҮҮЛӨР КИРГИЗИЛГЕН БАРАК**

| **УЧА версиясынын №** | **Өзгөртүү жана толуктоо киргизилген бөлүктүн/пункттун же абзацтын № (беттерин көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | 2022-ж. 30-майы, №10 Протокол |
| 2 | Университеттин өзгөчө статусуна (макамына) байланыштуу жаңыртылган түзүмү жана мазмуну | 2023-ж. 29-марты, №7 Протокол |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## АТКАРУУЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Чыныбаев М.К. – ректор, ф-м.и.к., доцент
2. Элеманова Р.Ш. – академиялык иштер боюнча проректор, т.и.к., доцент
3. Торобеков Б.Т. – илимий иштер боюнча проректор, т.и.д., профессор
4. Чымыров А.У. – эл аралык байланыштар боюнча проректор, т.и.к., доцент
5. Маданбеков Н.Ж. – санариптештирүү боюнча, т.и.к., доцент
6. Асиев А.Т. – административдик чарба иштери боюнча проректор, т.и.к., доцент
7. Таштобаева Б.Э. – окумуштуу катчы, т.и.к., профессор
8. Мырзалиева М.А. – тарбиялык иштер боюнча департаменттин директору
9. Курманова Н.М. - план-каржы башкармалыгынын башчысы

## МАЗМУУНУ


1. Максаттардын коюлушу ……………………………………........……............. 6
2. Өнүгүүнүн учурдагы тенденцияларын талдоо жана баалоо…………….……… 6
3. Мүмкүн болуучу тобокелдиктер…...................................…………….............. 9
4. Өнүгүү моделдерин тандоо…..……….............................……………................. 10
5. Миссия жана келечектеги көрүнүшү …….................................……………..... 12
6. Өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттары……………………….…... ................ 12
7. Стратегияны ишке ашыруу механизмдери………………………….……... 12

1-тиркеме. «Сапаттуу билим берүү» программасы………................................... 13

2-тиркеме. «Алдынкы илим жана инновациялар» программасы......................... 21

3-тиркеме. «Адам ресурстарын күчөтүү» программасы..................................... 28

4-тиркеме. «Эл аралык кызматташууларды кеңейтүү». программасы............... 32

5-тиркеме. «Инфратүзүмдү, коопсуз жана натыйжалуу окутуу чөйрөсүн өнүктүрүү» программасы........................................................................................ 35

6-тиркеме. «Санариптешкен университет» программасы.................................. 44

7-тиркеме. «Социалдык жана өнүктүрүү чөйрөсү» программасы ...................... 50

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ**

QS - Quacquarelli Symonds (QS Asia University Rankings - Азия өлкөлөрүндөгү ЖОЖдордун рейтинги)
АжДБ - аспирантура жана докторантура бөлүмү
АИ – академиялык иш
АМС - автоматташтырылган маалымат системасы
АРБ – адам ресурстарын башкаруу
АЧБ - административдик-чарба бөлүмү
АЧИ - административдик-чарба иштери
БББП – биргелешкен билим берүү программасы
ББПИ – биргелешкен билим берүү программалар институту
БП – билим берүү программасы
БСД – билим берүү сапаты департаменти
ВЭӨС - ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүүлөр системасы
ЖРТ – Жалпы республикалык тестирлөө
ИБКС – ишмердикти башкарууну көзөмөлдөө системасы
ИИ – илимий иш
ИИД - илим жана инновациялар департаменти
ИИИ – илимий-изилдөө институту
ИИИ – илимий-изилдөө иштер
ИИТКИ – илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструкторлук иштер
ИПК – илимий-педагогикалык кызматкер
ИТК – илимий-техникалык китепкана
ИШРИ – Илимий шилтемелердин россиялык индекси
КЖБ - квалификацияны жогорулатуу борбору
КМШ – көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги
КР БИМ - Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги
КР УИА – Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясы
МАОК – (англ. massive open online course) – массалык ачык онлайн-курсу
МБ – маалыматтар базасы
МЖК-мамлекеттик-жеке кызматташтык
МС – маалымат системасы
МТД - маалыматтык технологиялар департаменти
ОБ – окуу башкармалыгы
ОИТБ - окуу-илимий-техникалык борбор
ОПБ - окуу-практикалык борбор
ОУМ – окуу-усулдук материал
ӨИТ - өнүгүү жана инвестицияларды тартуу
ПжКБ - практика жана карьера борбору
ПК – персоналдык компьютер
ПКБ – пландоо-каржы башкармалыгы
ПКИБ - программалык камсыздоолорду иштеп чыгуу бөлүмү
ПОК –профессордук-окутуучулар курамы
СИИИ – студенттердин илимий-изилдөөчүлүк иштери
СИТТБ - санариптик инфратүзүмдөрдү тейлөө бөлүмү
СМС - сапат менеджменти системасы
ТБ – түзүмдүк бөлүктөр
ТИД – тарбиялык иштер департаменти
ТУОКК – техникалык университеттердин россия-кыргыз консорциуму
ЭБ – эл аралык байланыштар
ЭББ - эл аралык байланыштар бөлүмү
ЭДС - электрондук документтер системасы
ЭСК – электрондук санарип колтамгалар

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин 2023-2028-жылдарда өнүгүү стратегиясы (мындан ары – Стратегия) университеттин билим берүүчүлүк саясатын ишке ашыруу жана камсыз кылуу максатында иштелип чыккан жана ал Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-ж. 31-октябрындагы УП № 221 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдардын аралыгында туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен кабыл алынган 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнүн өнүгүү стратегиясына дал келет жана ошондой эле КР Президентинин 2022-ж. 18-июлундагы УП № 243 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Университетти кайра түзүү тууралуу 2022-жылдын 30-декабрындагы № 02-2/ катын эске алуу менен жаңыртылган.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (мындан ары – И.Раззаков атындагы КМТУ) «2019-2023-ж.ж. санариптешкен Кыргызстан» санариптик трансформациялоо концепциясында аныкталган артыкчылыктарды, максаттарды жана милдеттерди толук түрдө бөлүшөт жана өз Стратегиясынын негизинде аларды ишке ашырууга аракет кылат.

И. Раззаков атындагы КМТУ өнөктөштүк байланыштардын, изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк жана инновациялык ишмердиктердин, коомчулукту тартуунун жана билимдерди берүүнүн жардамы менен туруктуулукту жана социалдык жактан жакшы таасир тийгизүүнү катуу жактайт. Бул өз кезегинде 4 Максатты – бардыгын камтыган жана калыстык менен сапаттуу билим берүүнү жана жашоонун бардык мезгилинде окуу мүмкүнчүлүктөрүнө дем берүү болуп саналат (ТӨМ 2030).

И. Раззаков атындагы КМТУнун өнүгүү стратегиясы билим берүү жана илим тармагында системдүү инновациялык долбоорду жана санариптик трансформациялоону иштеп чыгууну сунуштайт, ал ишмердиктин бардык жактарында системдүү жана жалпы сапаттуулукка жетишүүгө, кызыккан тараптар менен өнөктөштүктү өнүктүрүүгө, билим берүүдө жана илимде дүйнөлүк тенденцияларга теңелүү үчүн шарттарды түзүүгө, билим берүүчүлүк, илимий жана инновациялык ишмердиктерди интеграциялоого багытталган.

И. Раззаков атындагы КМТУнун ишмердигинде жаштарга жана студенттерге алардын жогорку моралдык эрежелерди, салттарды, коомдук баалуулуктарды, жакшы жашоонун үлгүсүн өздөштүрүүсү аркылуу тарбия берүүгө жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-ж. 29-январындагы «Инсандын рухий-нравалык жактан өнүгүүсү жана дене тарбиясы тууралуу» Жарлыгынын концепциясын түзгөн жалпы адамзаттык баалуулуктар системасына тартууга өтө чоң маани берилет.

## 2. ӨНҮГҮҮНҮН АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫН ТАЛДОО ЖАНА БАА БЕРҮҮ

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети1954-жылы октябрда Фрунзе политехникалык институтунун базасында уюшулган (мындан ары – ФПИ).

Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо жетишкен ийгиликтери үчүн өлкөнүн 26 алдынкы ЖОЖунун ичинен ФПИнин эмгек жамаатына СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына карата КПСС БКнын, СССР Жогорку Советинин Президиумунун, СССР Министрлер Советинин жана ВЦСПСтын Юбилейлик Ардак Белгиси ыйгарылган.

1988-жылы өлкөнүн 756 техникалык жогорку окуу жайларынын ортосундагы Бүткүл союздук социалисттик мелдеште биринчи орунду алгандыгы үчүн ФПИ КПСС БКнын, СССР Жогорку Советинин Президиумунун, СССР Министрлер Советинин, БЛКЖСтын жана ВЦСПСтын Өтмө Кызыл Туусу менен сыйланган.

1992-жылы ФПИнин базасында Кыргыз техникалык университети түзүлгөн. КР Өкмөтүнүн 1995-ж. 05.12. № 522 Токтому менен Кыргыз техникалык университетине И.Раззаковдун ысмы ыйгарылган. 2004-жылдын 5-октябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен И. Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетине «улуттук» макамы берилген. 2005-жылдын 3-майында Кыргыз Республикасынын

Президентинин Жарлыгы менен университет И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети деген аталышта кайрадан өзгөртүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-ж. 18.07. № 243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар тууралуу” Жарлыгы менен И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети мураскерлик макамын аныктоо жолу менен жана ага Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, унаа жана архитектура университетинин, У.Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо иштери жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университетинин кошулушу менен кайрадан түзүлгөн.

И. Раззаков атындагы КМТУ өзүнүн уюштуруучулук-укуктук формасы боюнча КР Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы УП 243 Жарлыгына ылайык өзгөчө макамы бар мамлекеттик билим бер мекемеси болуп саналат. Университет Кыргыз Республикасынын Квалификациялардын улуттук алкагына ылайык бардык денгээлдердеги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырат.

Азыркы учурда И. Раззаков атындагы КМТУ алдынкы көп профилдүү университет – Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн флагманы болуп саналат жана илимди, билим берүүнү жана маданиятты интеграция кылуу боюнча инновациялык борбор катары өзүн таанытат. 2011-жылы университеттердин Улуу Хартиясына кол коюлган жана И.Раззаков атындагы КМТУ ырасмий түрдө Болон процессине кошулган.

И. Раззаков атындагы КМТУ түзүмүнө 10 институт, 3 жогорку мектеп, 4 аймактык өзгөчөлөнгөн филиал, 76 кафедра (алардын ичинен филиалдардагысы 9), филиалдардагы 3 орто кесиптик билим берүүчү бөлүм, колледждер жана лицейлер кирет.

И. Раззаков атындагы КМТУда окугандардын жалпы саны 23 миңден ашык студент, орто кесиптик билим берүү программасы боюнча - 5 миңге жакын студент окушат.

Илимий-педагогикалык ишти 1200дөн ашык окутуучу алып барат, алардын ичинде КР УИАнын 3 академиги жана крреспондент-мүчөсү, илимдин 80 доктору жана профессорлор, илимдин 357 кандидаты жана доценттери бар

И. Раззаков атындагы КМТУда билим берүү программалары боюнча электрондук-билим берүүчү чөйрөнүн иштөөсү үчүн шарттар түзүлгөн.

Изилдөөчүлүк саясаты университеттин илимий потенциалын өнүктүрүүгө, өндүрүшкө илимий изилдөөлөрдү киргизүүгө, илимий изилдөөлөр жана технологиялардын трансфери жаатындагы эл аралык байланыштарды бекемдөөгө багытталган.

Илимий-изилдөөчүлүк иштер (мындан ары – ИИИ) Кыргыз Республикасынын артыкчылыгы бар илимий багыттары боюнча аткарылат: энергетиканын көйгөйлөрү; машина куруудагы технологиялардын, механизмдердин жана системдердин натыйжалуулугун жогорулатуу; колдонмо механиканын, физиканын жана жаратылыш кубулуштарын моделдештирүү көйгөйлөрү; маалыматтык-телекоммуникациялык системдерди иштеп чыгуу; унаа логистикасынын жана интеллектуалдуу унаа системдеринин көйгөйлөрү; өндүрүш технологияларын иштеп чыгуу; экологиялык таза азыктарды кайра иштетүү; тоо иштери жана тоо технологиялары; курулуш жана архитектура ж.б.у.с.

ИИИ республикалык бюджеттин каржылык колдоосу, ошондой эле эл аралык гранттардын жана чарбалык келишимдердин эсебинен жүргүзүлүп, ал КМТУдагы 6 илимий-изилдөө институттарында аткарылат: Физика-техникалык көйгөйлөрдү илимий-изилдөө институту, Илимий-изилдөөчүлүк химия-технологиялык институт, Энергетика жана байланыш илимий-изилдөө институту, Кыргыз минералдык чийки заттар институту, “Жер титирөөгө туруктуу курулуш” илимий-изилдөө институту, “КОНАС” илимий-инженердик борбору.

2017-2022-ж.ж. илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 200дөн ашык патенттер алынды жана 226 ойлоп табуучулукка арыз берилди, 88 монография жарыкка чыкты, 2200дөн ашык илимий макалалар ата мекендик жана чет өлкөлүк рецензияланууучу илимий басылмаларга, анын ичинен 182 макала Scopus маалыматтар базасына жарыяланды.

И. Раззаков атындагы КМТУда 75 илимий адистиктер боюнча илимий кадрларды даярдоо жүргүзүлөт, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды коргоо боюнча 9

адистештирилген кеңеш иштейт, илимий-техникалык база түзүлгөн, ошондой эле окутуунун жана илимий кадрларды даярдоонун артыкчылыктуу багыттары боюнча илимий ишмердикти жүргүзүп жаткан окутуучу-профессордук курам бар.

И. Раззаков атындагы КМТУда студенттерди ИИИге тартууга өзгөчө көңүл бурулат. Студенттер И. Раззаков атындагы КМТУда жыл сайын өткөрүлүүчү жаштардын студенттик конференциясынын алкагында өздөрүнүн илимий-техникалык иштелмелери жана баяндамалары менен катышып турушат.

И. Раззаков атындагы КМТУ бизнес өкүлдөрү, илимий-педагогикалык кызматкерлер жана окуп жаткандар үчүн байланыш аянтчасын түзүү аркылуу инновациялык бизнестин өз ара аракет кылуу борборлорун түзөт. Мындай аянтчалардын өзгөчө түрү болуп ИИИни аткарууга карата келишимдерди ишке ашыруу боюнча бизнес-коомчулугу менен кызматташууну өнүктүрүү багытында иштөө үчүн уюштурулган Технологиялардын трансфер борбору жана инжинирингдик борбор болуп саналат. КР БИМдин жана чет өлкөлүк илимий фонддордун гранттарын аткарууга карата конкурстук билдирмелерди даярдоо боюнча ишмердикти активдештирүү артыкчылыктуу иш катары калат.

И. Раззаков атындагы КМТУда эл аралык ишмердик чет өлкөлүк алдынкы университеттер менен кызматташуунун, эл аралык билим берүү программаларын жана долбоорлорун ишке ашыруунун, биргелешкен илимий-изилдөө ишмердиктерин жүргүзүүнүн, илимий-практикалык семинарларды жана конференцияларды уюштуруунун, окутуучулук кадрларды алмашуунун жана студенттик мобилдүүлүктү өнүктүрүүнүн алкагында жүргүзүлөт. И. Раззаков атындагы КМТУ көптөгөн чет өлкөлүк жана КМШ, Азия, Европа өлкөлөрүнүн университеттери, уюмдары менен туруктуу байланыш түзүп келет.

Чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуу тууралуу келишимдердин саны 480ден ашат. Өнөктөш-ЖОЖдор төмөнкү өлкөлөрдөн болушат: Австрия, Венгрия, Германия, Казакстан, Кытай, Кипр, Испания, Италия, Россия, Румыния, Словакия, АКШ, Тажикстан, Өзбекстан, Франция, Швеция, Түштүк Корея жана башка алыскы жана жакынкы чет өлкөлөр. Жыл сайын алмашып окутуу программасы боюнча КМТУнун 40ка жакын студенти, 100дөн ашык кызматкерлери стажировкадан өтүшөт жана квалификацияларын жогорулатышат. Университеттер аралык келишимдердин жана долбоорлордун болушу менен стипендиялык программалардын жана академиялык мобилдүүлүк боюнча сынактардын жеңүүчүлөрүнүн саны өсүп бара жатат.

И. Раззаков атындагы КМТУ Шанхай Кызматташуу Уюму университеттеринин (ШКУУ) курамына кирет. Университет техникалык университеттердин Россия-Кыргыз Консорциумунун (ТУРКК) Кыргызстандагы ишмердигине багыт берип, жөнгө салат. Ошондой эле, “Роскызматташуу” жана “Жибек жолу” программаларынын алкагында Россия Федерациясынын алдынкы ЖОЖдору менен бакалавриат жана магистратуранын биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашырат.

Университет төмөнкү эл аралык ассоциациялардын жана университеттер тармагынын курамына кирет:

- КМШнын тармактык университети;
- Евразиянын тармактык университети;
- Техникалык университеттер ассоциациясы;
- Азиялык Университеттер Ассциациясы;
- Жогорку курулуш окуу жайлар ассоциациясы;
- Евразия-Тынч океан университеттер тармагы;
- Жибек жолу университеттик Альянсы;
- «Синергия» университеттер аралык илимий-билим берүү тармагы.

И. Раззаков атындагы КМТУда DAAD и ERASMUS+ гранттарынын алкагында иштелип чыккан төмөнкүдөй багыттар боюнча бакалавриат жана магистратуранын биргелешкен билим берүү программалары ишке ашырылат: машина куруу, электр энергетикасы, телематика, логистика жана биоинженерия. “Горизонт 2020”, USAID жана башка эл аралык фонддордун колдоо көрсөтүүсүнүн аркасы менен Университетте эл аралык илимий-изилдөөчүлүк долбоорлор аткарылып турат. Эл аралык долбоорлордун жыйынтыгы боюнча да билим берүү

программалары иштелип чыккан жана Европанын, Азиянын алдынкы университеттери менен тыгыз кызматташуунун аркасында жаш окумуштууларды даярдоо иши жүрүп жатат.

И. Раззаков атындагы КМТУнун студенттери Кытайдын Харбин политехникалык университети, Ляон мунайзатгаз жана химия унивеситети, Ляньчжоу унаа университети, Синьцзян университети, Сюйчжоу университети, Пекин технологиялык институту сыяктуу ЖОЖдорунан бюджет боюнча окуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушту.

Акыркы 20 жыл ичинде И.Раззаков атындагы КМТУда ар кандай эл аралык программалар боюнча 40тан ашык долбоорлор ишке ашырылды. Жыйынтыгында биргелешкен билим берүү, изилдөө жана өндүрүш борборлору түзүлдү.

И. Раззаков атындагы КМТУ эң зарыл болгон материалдык-техникалык байлыктар менен камсыз болуп турат. Университеттин материалдык-техникалык базасын, инфратүзүмүн бекемдөө жана модернизациялоо, лабораторияларды өз убагында жабдуу жана жаңыртуу – өнүгүүнүн стратегиялык багыттарынын катарына кирет.

И. Раззаков атындагы КМТУда жалпы аянты 130730,9 кв.м. болгон 24 окуу корпусу, 9 студенттик жатакана, илимий-техникалык китепкана, спорттук база, 4 окуу өндүрүштүк полигон, 80 компьютердик класс, 2200дөн ашык ПК бар.

Университетте окуудан сырткары жана социалдык иштерди, ошондой эле студенттик өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүү үчүн бардык шарттарды камтыган өзгөчө билим жана тарбия берүүчү чөйрө түзүлгөн. Студенттерге тарбия берүү окуу процессинде жана окуудан сырткары убактарда жүргүзүлөт.

И. Раззаков атындагы КМТУнун каржылык байлыктары билим берүү кызматтарынын эсебинен түзүлөт жана ал жалпы кирешенин 94%ын түзөт. Аккредиттешкен өндүрүш борборлору, технопарктар, бизнес-инкубаторлор, заманбап лабораториялык илимий-изилдөө борборлору аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу университеттин жалпы кирешесинин 6-30% чегинде кошумча кирешенин көбөйүшүнө мүмкүндүк берет. Инвестицияларды тартуу жана эндаумент-фонд иштерин уюштуруу зарылдыгына да орун берилген. Эмгек акы фондусунун салыштырма көлөмүн азайтуу үчүн университеттин штаттык бирдигин жана түзүмүн оптималдаштыруу, окуу пландарын кайра карап чыгуу жана АЧБнын айрым милдеттерин аутсорингге өткөрүп берүү зарыл болуп саналат. Билим берүү кызматтарына татыктуу шарттарды камсыз кылуу үчүн ОКБ, ЖКБ адистерин даярдоо акысына тарифтерди жогорулатуу талап кылынат. Студенттердин санын көбөйтүү үчүн окуу аянтчалары жетишсиз, муну окуу түзүмдөрүн бириктирүү жана профилдештирүү, жаңы окуу корпустарын ишке киргизүү жолдору менен чечүүгө болот.

И. Раззаков атындагы КМТУнун өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуу учурунда сырттан айтылган пикирлерге көңүл бурулуп, эске алынды, алардын ичинен негизгилери катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

- билим берүүнү жана илимди глобалдаштыруу, ЖОЖдун ишмердигиндеги интернационалдаштырууну кеңейтүү;
- инновациялык экономикага өтүүнүн жана билим берүүнү санариптештирүүнүн зарылдыгы;
- бүтүрүүчүлөрдүн квалификацияларына карата билим берүү кызматтарын керектөөчүлөрдүн талаптарын күчөтүү;
- ЖОЖдор ортосундагы билим берүүчүлүк жана илимий мейкиндиктеги атаандаштыкты күчөтүү.

## 3. МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТОБОКЕЛДИКТЕР

**Экономикалык факторлор:** университет алар үчүн кадрларды даярдап жаткан өлкөдөгү өнөр жайдын жоктугу жана экономиканын өнүкпөгөн тармактарынын болушу, тармактардын колдоосунун жана кызыкчылыктарынын жоктугу (ички, сырткы), калктын каржылык боюнча билимдеринин жоктугу, жемкорчулук схемасы, инфляция.

**Саясий факторлор:** билим берүү системасында жетекчиликтен тез алмашып туруусу, билим берүү маселелерине карата жыйнактуу системдик мамиленин жоктугу, ишке орношуудагы жемкорчулук, билим берүү чөйрөсүндөгү эмгек акынын төмөнкү денгээли.

**Социалдык факторлор:** мектептеги даярдыктын начардыгы, жакырчылыктын өсүүсү, эмгек миграциясы, байланыштардын жемкорчулукка айланышы, деструктивдүү агымдар, билимдүүлүктүн төмөндөшү, билим берүүнүн начар каржылануусу, кадрларды даярдоонун начардыгы.

**Технологиялык факторлор:** маалымат коопсуздугунун жоктугу.

## 4. ӨНҮГҮҮНҮН МОДЕЛИН ТАНДОО

И. Раззаков атындагы КМТУнун максаттуу өнүгүү моделин түзүү максатында төмөнкү критерийлердин негизинде референттик топ түзүлгөн:

- улуттук денгээлдеги лидерлик кылуу абалы жана илим, билим берүү чөйрөлөрүндөгү инновациялык ишмердиктердин эл аралык жактан таанылуусу;

- билим берүүнү жана илимди интернационалдаштырууга багыт берүү жана ишке ашыруу;

- референттик университеттердин миссиялары жана өнүгүүнүн стратегиялык максаттары багыттуулуктары жана максаттуу милдеттери боюнча И. Раззаков атындагы КМТУга жакын болуп саналат.

Көрсөтүлгөн критерийлерди пайдалануу менен төмөнкүдөй 3 университет аныкталды:

***1. Н.Э. Бауман атындагы Москва мамлекеттик техникалык университети*** *(ММТУ)* – Россиянын эң эски жана ири ЖОЖдорунун бири. Бүткүл дүйнө жүзүндө ММТУну инженердик элитанын кубаттуу кластери катары билишет. ММТУ дайыма Росиянын эң мыкты техникалык университети болуп келген жана азыр да өз өнүгүүсүнүн андан-аркы трансформация болуу жолунда турат.

Россиянын техникалык ЖОЖдорунун ичинен ММТУ мыкты жетишкендикти көрсөтүп турат, ал QS World University Rankings 2020/2021 рейтинги боюнча дүйнөнүн мыкты делген миң ЖОЖдун ичинен 282 орунду ээлеген. Россиялык ЖОЖдордун ичинен ММТУ алтынчы орунда турат.

**2.** ***Аль-Фараби атындагы казак улуттук университети (Казакстан Республикасы)*** – Казакстандын алдынкы ЖОЖдорунун бири. «Университета 4.0» заманбап моделинин алкагында билим берүү кызматтарын экспорт кылуу менен дүйнөлүк класстагы изилдөөчүлүк университетке айланып бара жатат, ошондой эле «Al-Farabi Smart University» жыйнактуу долбоорунун негизинде алдынкы санариптик экосистеманы түзүүнү максат кылууда. Каржылоосунун жалпы көлөмү Бүткүл дүйнөлүк Банктын 5 млн. АКШ долл. барабар болгон 30дан ашык стартап жана спин-офф компаниялары түзүлгөн.

2010-жылдан бери QS рейтингинде бардык 600 абал бар болсо, 400 абалга алдыга жыла алды, 2017-2019-жылдардагы жетишкендиктер Аль-Фараби атындагы КазУУну феномен деп атоого негиз болгон.

**3.** ***Отто фон Герике атындагы Магдебург университети (Германия)*** 1993-жылы түзүлгөн жана Германиянын эң жаңы университеттеринин бири болуп саналат. Ал мурунку Техниалык университетти, Мугалимдерди даярдоо колледжин жана Медициналык мектепти бириктирүү жолу менен түзүлгөн. Ал бизнестин, илимдин жана маданияттын борборуна айланып бара жаткан аймактык борбор Магдебург шаарында маанилүү роль ойнойт.

Изилдөөнүн акыркы жылдарында университетте - колдонмо изилдөөлөрдөн инновациялык фундаменталдык изилдөөлөргө чейин чечкиндүү өзгөрүүлөр болуп өттү. 1-таблицада университеттердин референттик топторуна кыскача мүнөздөмөлөр берилген.

**1 – ТАБЛИЦА. РЕФЕРЕНТТИК УНИВЕРСИТЕТТЕР: НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨР**

| **Университет** | **2023 -ж. рейтингдеги алган орду** | **Атаандаштык артыкчылыктары (КМТУ үчүн багыттары: БПнын мүнөздөмөсү, түзүмү, изилдөөлөр)** | **2022-ж. Scopus и Web of Science жарыяланган-дардын саны** | **Окуп жаткан-дардын саны** |
|---|---|---|---|---|
| | **QS** | | | |
| Н.Э. Бауман атындагы ММТУ | 1758 Дүйнөнүн эң мыкты университеттери | Университетте даярдоонун негиздери – студенттердин илимий изилдөөлөргө жана иштелмелерге катышуусу алдында илимдин жана техниканын алдынкы тармактарындагы практикалык окутуунун жогорку деңгээли менен табигый-илимий, техникалык жана гуманитардык билим берүүлөрдүн үндөшүп айкалуусу. Өлкөнүнү илимий-техникалык өнүгүүсү үчүн инженердик жана ишкердик кадрларды тартуунун жана өнүктүрүүнүн бүтүндөй системасы калыптанган. | 1668 жарыяланган-дар жана 1997 шилтеме берилгендер | 21 500 |
| Аль-Фараби атындагы КазУУ | 44<br><br>ЖОЖдордун Азиялык аймагы QS | Университет Казакстандагы ЖОЖдордун ичинен талашсыз лидери жана коомдогу прогрессивдүү экономикалык, социалдык жана маданий кайра түзүүлөрдүн сүйрөгүч күчү болуп саналат. Университетте башка теңдеши жок, уникалдуу инновациялык-технологиялык платформа түзүлгөн. | 701 жарыяланган-дар жана 405 шилтеме берилгендер | 25 000 ден ашык |
| Отто фон Герике атындагы Магдебург университети | 619 ТОР 1000 дүйнөнүн университеттери | Университет өзүн профилдик университет катары көрө алат жана белгиленген, жыйнактуу түзүм болууга карай аракет кылып жатат, бул өз кезегинде инженерия, табигый илимдер жана медицина үчүн салттуу болуп саналат дегенди билдирет. Изилдөөнүн жана окутуунун бирдиктүүлүгү, ошондой эле илимдин эркин болушу университет үчүн ажырагыс принциптерден болуп саналат, дисциплиналар аралык жана эл аралык долбоорлор өсүп жатат. | 27 928 жарыяланган-дар жана 756 328 шилтеме берилгендер (бардыгы) | 14 000 |
| **2028-жылы КМТУ үчүн эталондук мааниси** | **TOP-760 QS Asia University Rankings** | | **500** | **20 000 ден ашык** |

## 4. МИССИЯСЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕКТЕГИ КӨРҮНҮШҮ

**И. Раззаков атындагы КМТУнун миссиясы** – эмгек рыногунун, коомдун, экономиканын жана мамлекеттин керектөөлөрүнө ылайык атаандаштыкка жөндөмдүү болгон билим берүү программаларын ишке ашыруу аркылуу өлкөнүн инновациялык өнүгүүсүнө багытталган илимдин, техниканын, технологиялардын жетишкендиктеринин жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги интеграциянын негизинде сапаттуу техникалык билим берүүнү өркүндөтүү жана өнүктүрүү.

**Келечектеги көрүнүшү**. И. Раззаков атындагы КМТУ – инновациялык, изилдөөчүлүк, техникалык университет, улуттук жана эл аралык илимий-билим берүүчүлүк мейкиндиктеги лидер. 2028-жылга карата И. Раззаков атындагы КМТУ университеттердин дүйнөлүк кадыр-барктуу рейтингине кириши жана жыл сайын өз абалын жакшыртуусу керек. Ишкердик, чыгармачылык жана интеллектуалдык чөйрөнүн жаралышын жана университеттин ишмердигинин натыйжалуу жыйынтыгына багытталган жамааттын бүтүндөй жеке күчтөрүнүн биригүүсүн камсыз кыла турган процесстерди башкаруунун жаңы системасынын модели ишке ашырылат.

## 5. ӨНҮГҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ

- эл аралык стандарттарга жана бүтүрүүчүлөрдүн көндүмдөрү менен билимдерине карата өзгөрүп туруучу талаптарына ылайык билим берүүнүн жогорку денгээлдеги сапатын камсыз кылуу;
- билим берүүнү жана илимди интернационалдаштыруу;
- билим берүүнүн, илимдин, инновациянын жана илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын коммерциялаштыруу боюнча ишмердиктин өз ара байланыштарын карай турган «Университет 4.0» концепциясын киргизүү;
- санариптик технологиялардын жана университеттердин изилдөөчүлүк типтеги моделдеринин негизинде башкаруунун ийкемдүү жана натыйжалуу системасын түзүү.

Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруу максатында өз ара байланышкан төмөнкүдөй программалар системасы каралып жатат:

1. Сапаттуу билим берүү (1-тиркеме);
2. Алдынкы илим жана инновациялар (2-тиркеме);
3. Адам ресурстарын күчөтүү (3-тиркеме);
4. Эл аралык кызматташууларды кеңейтүү (4-тиркеме);
5. Инфраструктураны, коопсуз жана натыйжалуу окутуу чөйрөсүн өнүктүрүү (5-тиркеме);
6. Санариптешкен университет (6-тиркеме);
7. Социалдык жана өнүктүрүү чөйрөсү (7-тиркеме).

## 6. СТРАТЕГИЯНЫ ИШКЕ АШЫРУУ МЕХАНИЗМИ

Өнүгүү стратегиясы И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан аны ишке ашыруунун жыйынтыктары талкууланып, каралып, зарылдыгына жараша өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилүү менен бекитилет.

И. Раззаков атындагы КМТУнун 2023-2028-жылдарда өнүгүү стратегиясы анын түзүмдүк бөлүктөрү жана кызматтары тарабынан пландаштырылган көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) аткарууга багыт алуу менен өз ишмердигинин алкагында ишке ашырышат, бул учурда түзүмдүк бөлүктүн жетекчиси милдеттердин ишке ашырылышына жана аткарылышына жоопкерчиликтүү болот.

Стратегияны ишке ашыруу механизми И. Раззаков атындагы КМТУнун жана анын түзүмдүк бөлүктөрүнүн денгээлиндеги жылдык пландар түрүндөгү стратегиялык милдеттерди аткаруу боюнча ресурстар, аткаруучулар жана ишке ашыруу мөөнөттөрү боюнча өз ара байланыштуу болгон иш-чаралар топтомун билдирип турат. Мындай иш-чаралар ага жетишүү үчүн акыркы жыйынтыкка жана ресурстардын аралашуусуна карай жогорку багытталуусу менен мүнөздөлөт (7-тиркеме).

## ПРОГРАММА: САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ

### 1.1-таблица - ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ПЛАНЫ

| Стратегиялык милдеттер | Чаралар /иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү, жылдар | Көрсөткүч/ күтүлгөн жыйынтыктар (продукт) | Жооптуу аткаруучулар | Ишке ашырууга каражаттар (сумма)/ каржылоонун булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| ББПда дисциплиналар аралык багыттарды түзүү, анын ичинде негизги докторантура (PhD/багыты боюнча) | Эл аралык талаптарды эске алуу менен «аймактардын» кесилишинде билим берүү программаларын иштеп чыгуу | 2023-2028 | 10 БП | АИ боюнча проректор, ИИ боюнча проректор | |
| | Өнөктөш университет менен дисциплиналар аралык биргелешкен структуралык бөлүмдөрдү (факультет/институт, борбор) иштеп чыгуу | 2023 | 1 биргелешкен түзүмдүк бөлүм | АИ боюнча проректор | |
| | PhD докторлук мектеп программаларын өнүктүрүү | 2023-2028 | 25 БП | АИ боюнча проректор, ИИ боюнча проректор | |
| Региондук жана тармактык өзгөчөлүктөрдү, илимди өнүктүрүүнү жана аймактарды социалдык-маданий өнүктүрүүнү эске алуу менен кадрларды даярдоо борборлору катары региондук филиалдардын тобун өнүктүрүү | Суроо-талаптуу багыттарда аймактык адистештирүүнү эске алуу менен ББПны иштеп чыгуу | 2023-2028 | 5 БП | АИ боюнча проректор, филиалдардын директору | |
| | Чет элдик университеттер менен билим берүү программаларын ишке ашыруу | 2023-2028 | 12 БП | АИ боюнча проректор, институттардын/ЖМ директорлору | |
| | Биргелешкен жана/же кош дипломдук билим берүү программаларын иштеп чыгуу | 2023-2028 | 50 БП | АИ боюнча проректор, институттардын/ЖМ директорлору | |
| Практикалык багытталган окутууну уюштуруу | Өнөр жай ишканаларынын же уюмдардын базасында кафедралардын филиалдарын түзүү | 2023-2028 | 30 бирдик | АИ боюнча проректор, институттардын/ЖМ директорлору | |
| | Smart IT, Big Data, HPC, IoT жана КМТУнун башка иш-чараларын ишке ашыруу маселелерин чечүү үчүн окуу-практикалык лабораторияларды түзүү. | 2023-2028 | 10 бирдик | АИ боюнча проректор, ИИ боюнча проректор институттардын/ЖМ директорлору | 5 млн. сом – КМТУ 45 млн. сом – МТИ жана гранттар |
| Туруктуу өнүктүрүү, жашыл экономика жана ресурс үнөмдөөчү экономиканын принциптери маселелерин | Туруктуу өнүгүү боюнча модулдарды жана ресурс үнөмдөөчү экономиканын принциптерин ишке ашыруу. | 2023-2028 | КМТУдагы БПнын жалпы санынан 40% | АИ боюнча проректор, институттардын/ЖМ директорлору | |

| Стратегиялык милдеттер | Чаралар /иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү, жылдар | Көрсөткүч/ күтүлгөн жыйынтыктар (продукт) | Жооптуу аткаруучулар | Ишке ашырууга каражаттар (сумма)/ каржылоонун булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| билим берүү программаларынын мазмунуна киргизүү. | | | | | |
| Билим алуучулардын жумушчу кесиптери боюнча квалификацияларын ыйгаруу менен өндүрүштүн алдыңкы ишканаларынын өндүрүштүк базаларын пайдалануу. | Эл аралык жана ата мекендик компаниялар менен кызматташуунун алкагында кошумча билим берүү программаларын иштеп чыгуу | 2023-2028 | КМТУда БПнын жалпы санынын 40% | АИ боюнча проректор, ЭБ боюнча проректор, институттардын, жогорку мектептин директорлору, ПжКБнун директору | |
| Билим берүүнү эмгек рыногунун артыкчылыктарына жана квалификация системасына ылайык актуалдаштыруу | Кызыкдар тараптар (иш берүүчүлөр) менен пикир алмашуу системасынын жеткиликтүүлүгү | 2023-2025 | Кайтарым байланыш системасы | АИ б-ча проректор, институттардын//ЖМ директору, ПжКБнын директору | |
| | ББПнын эл аралык аккредитациясы | 2023-2028 | КМТУда БПнын жалпы санынын 50% | АИ б-ча проректор,СББДнын директору, институттардын//ЖМ директору | 45 млн сом – КМТУ |
| | Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу жана карьералык өсүштөрдү колдоо системасын ишке ашыруу | 2023-2028 | 85% жумуш менен камсыз кылуу | ПжКБнын директору, институттардын//ЖМ директору, | |
| | Эл аралык плагиатка каршы таанылган маалыматтык системаларды колдонуу менен академиялык чынчылдык принциптерин ишке ашыруу | 2023 | Академиялык чынчылдык кодекси, жаңыланган ченемдик докуиенттер | АИ боюнча проректор, санариптештирүү боюнча проректор | |
| Жогорку окуу жайга чейинки билим берүүнү жакшыртуу | Колледждердин уюштуруу-башкаруу структурасын, инфраструктурасын өркүндөтүү | 2023-2028 | Башкаруунун жана инфраструктуранын жаңыланган түзүмү | АИ боюнча проректор, АЧИ боюнча проректор | МТИ жана гранттар - 600 миллион сом |
| Көп тилдүү билим берүү программаларын иштеп чыгуу | Кыргыз тилиндеги окуу дисциплиналарын кеңейтүү | 2023-2028 | БП 40% | АИ б-ча проректор, ИТӨ б-ча проректор, институттардын//ЖМ директору | |
| | Чет тилинде берүү программаларын кеңейтүү | 2023-2028 | БП 100% | АИ, ЭБ б-ча проректор, | 5127, 5 – КМТУ |

| Стратегиялык милдеттер | Чаралар /иш-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү, жылдар | Көрсөткүч/ күтүлгөн жыйынтыктар (продукт) | Жооптуу аткаруучулар | Ишке ашырууга каражаттар (сумма)/ каржылоонун булактары |
|---|---|---|---|---|---|
| | (анын ичинде тилди тереңдетип үйрөнүү) | | | институттардын//ЖМ директору | |

## 1.2-таблица - ПРОГРАММАНЫН ИШКЕ АШЫРЫЛЫШЫНА МОНИТОРИНГДИН ЖАНА БААЛОО КӨРСӨТКҮЧТӨРҮНҮН МАТРИЦАСЫ

| Стратегиялык милдеттер | Көрсөткүчтүн аталышы | Өл-чөө бир-диги | Базалык жыл | Аралык көрсөткүчтөр | | | | Аяктоочу көрсөткүч-төр | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2028 | | |
| ББПда дисциплиналар аралык багыттарды түзүү, анын ичинде негизги докторантура боюнча (PhD/профиль б-ча) | "Региондордун" кесилишиндеги билим берүү программаларынын саны | бирд. | 4 | 5 | 6 | 8 | 10 | 10 | ОБ |
| | Өнөктөш университет менен биргелешкен дисциплиналар аралык түзүмдүк бөлүмдөрдүн (факультет/институт, борбор) саны | бирд. | - | 1 | - | - | - | 1 | АИ боюнча проректор |
| | PhD программаларынын саны | бирд. | 12 | 14 | 16 | 20 | 25 | 25 | АжДБ |
| Региондук жана тармактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен университеттин филиалдарын кадрларды даярдоо борборлору катары өнүктүрүү; илимди өнүктүрүү жана аймактардын социалдык-маданий өнүгүүсү | Суроо-талаптуу багыттар боюнча аймактык адистештирүүнү эске алуу менен иштелип чыккан жана ишке ашырылган программалардын саны | бирд. | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 5 | Филиалдар |
| | Чет элдик университеттер менен ишке ашырылган билим берүү программаларынын саны | бирд. | 2 | 5 | 8 | 10 | 12 | 12 | ЭББ |
| | Биргелешкен жана/же кош дипломдук билим берүү программаларынын саны | бирд. | 30 | 32 | 35 | 40 | 50 | 50 | БББПИ |

| **Стратегиялык милдеттер** | **Көрсөткүчтүн аталышы** | **Өл-чөө бир-диги** | **Базалык жыл** | **Аралык көрсөткүчтөр** | | | | **Аяктоочу көрсөткүч-төр** | **Жооптуу аткаруучулар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **2022** | **2023** | **2024** | **2025** | **2028** | | |
| Практикага багытталган окутууну уюштуруу | Өнөр жай ишканаларынын же уюмдардын негизиндеги кафедранын филиалдарынын саны | бирд. | 5 | 10 | 15 | 20 | 30 | 30 | ОБ |
| | Smart IT, Big Data, HPC, IoT жана КМТУнун башка иш-чараларын ишке ашыруу маселелерин чечүү үчүн илимий-практикалык лабораториялардын саны | бирд. | 2 | 3 | 5 | 7 | 10 | 10 | Институттар жана ЖМ |
| Туруктуу өнүктүрүү, жашыл экономика жана ресурс үнөмдөөчү экономиканын принциптери маселелерин билим берүү программаларынын мазмунуна киргизүү | Туруктуу өнүгүү модулдары жана ресурс үнөмдөөчү экономиканын принциптери менен БПнын үлүшү | % | 2 | 10 | 20 | 30 | 40 | 40 | ОБ |
